| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**<br>**ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ АЙМАК ҮЧ-КОРГОНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО КЕНЕША** |

**Үч-Коргон айылдык кеңешинин VII чакырылышынын V сессиясы**

**ТОКТОМ №5/3**

**2024-жылдын 21-май** **Үч-Коргон айылы.**

Үч-Коргон айыл аймагында крайтаануу – тарыхый музей уюштуруу жөнүндө

Айыл өкмөтүнүн аймагындагы тарыхый баалуу мурастарды сактоо, айыл өкмөтүнүн түптөлүшүнө салымын кошкон атуулдардын эмгектерин эскерүү, келечек муунга айыл өкмөтүнүн аймагында жашаган улуттардын үрп-адаттарын, каада-салттарын, жарандык патриотизмди, маданий, руханий чөйрөнү өнүктүрүү максатында жана элдин көптөгөн кайрылуусунун негизинде, Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 24-июль №193 Кыргыз Республикасынын музейлери жана Музей фонду жөнүндөгү Мыйзамынын 3-глава 13-беренесине ылайык, Үч-Коргон айылдык кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т :**

1. Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагындагы тарыхый баалуу мурастарды сактоо, айыл өкмөтүнүн түптөлүшүнө салымын кошкон атуулдардын эмгектерин эскерүү, келечек муунга айыл өкмөтүнүн аймагында жашаган улуттардын урп-адаттарын, каада-салттарын, жарандык патриотизмди, маданий, руханий чөйрөнү өнүктүрүү боюнча крайтаану – тарыхый музей жөнүндө Жобо бекитилсин (жобо тиркелет).
2. Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн 2017-жыл 28-августундагы № 03-12/296-1-б буйругуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.
3. Үч-Коргон айыл өкмөтүндө Музейди уюштуруу маселелерин координациялоо боюнча жаңыдан «Жумушчу топ» бекитилсин.
4. Музейди уюштурууга байланыштуу иш-чараларга керектүү акча каражаты менен камсыз кылуу айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
5. Айыл аймагындагы мекеме-ишканалардын, мектептердин, балдар бакчалардын жетекчилери музейдин экспонаттарын толуктоо боюнча “Жумушчу топко” жакындан жардам берилсин.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым:** **М.Кочконова**